# Депозиттер

*(2017-жылдын 1-чейреги)*

**1-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына)**




**2-график. Аманатчылар боюнча депозиттер түзүмү**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктардын депозиттер рыногунда улуттук валютада аманаттар агымынын күч алуусу менен депозиттик базанын көбөйүшү байкалган. Отчеттук мезгил ичинде улуттук жана чет өлкө валюталарында кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чендердин көрсөткүчтөрү бир аз өзгөргөн.

Коммерциялык банктардын депозиттик базасынын өсүшү мөөнөттүү депозиттерде акча каражаттардын калдыктарынын көбөйүшү, ошондой эле талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин өсүшү менен мүнөздөлгөн.

Эсептешүү эсептериндеги калдыктар, тескерисинче отчеттук мезгил ичинде төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан тартып 2,4 пайызга көбөйүү менен 109,7 млрд сомду түзгөн. Мындай көбөйүү улуттук валютадагы депозиттердин 3,4 пайызга, 54,2 млрд сомго чейин өсүшү менен байланыштуу болгон. Депозиттик базанын валюталык түзүүчүсү 1,5 пайызга, 55,5 млрд сомго чейин жогорулаган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде депозиттик базанын убакыт түзүмүндө банктардын кардарларынын мөөнөттүү депозиттериндеги каражаттар үлүшүнүн 39,5 пайызга чейин (+2,1 п.п.), ошондой эле талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин үлүшү 27,1 пайызга (+0,1 п.п.) көбөйүшү катталган. Депозиттик базанын эсептешүү эсептеринде депозиттер үлүшү тескерисинче 33,4 пайызга (-2,3 п.п.) чейин төмөндөгөн.

Рыноктун концентрациялануу индекси 0,10 деңгээлинде калыптанган, бул концентрациялануунун орточо деңгээлине дал келип, рынокто бирдей үлүшкө ээ он катышуучунун катышкандыгына барабар.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агымынын көбөйүшү байкалган. Жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2016-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 27,6 пайызга көбөйүү менен отчеттук мезгил ичинде 118,3 млрд сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көлөмү 65,0 млрд сомду (+33,4 пайызды), чет өлкө валютасында – млрд сом эквивалентинде 53,3 (+21,3 пайызды) түзгөн.

Жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көбөйүшү негизинен мөөнөттүү депозиттердин өсүшү менен камсыз болгон, алардын көлөмү мезгил ичинде 47,3 пайызга, 13,4 млрд сомго чейин көбөйгөн. Мында, алардын үлүшү талап боюнча төлөнүүчү аманаттардын үлүшүнүн пропорционалдуу кыскаруусу менен 9,8 пайыздан 11,3 пайызга чейин өскөн (90,2 пайыздан 88,7 пайызга чейин). Ушуну менен бирге эле, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин көлөмү (25,5 пайызга) 104,9 млрд сомго чейин көбөйгөн.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча улуттук валютадагы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча чет өлкө валютасындагы жаңы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2016-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 0,6 пайыздык пунктка көбөйүү менен 3,0 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 11,3 пайызды (-1,9 п.п.), ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча - 1,8 пайызды (+0,4 п.п.) түзгөн.

Чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,9 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн. Мында чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 4,5 пайызга чейин төмөндөгөн, (-0,5 п.п.), ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча – 0,5 пайызды түзүү менен 0,3 пайыздык пунктка жогорулаган.

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсептери эске алынбайт.